DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Гапарова Ч.А.*

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДЫН «КЫРГЫЗ ТИЛИ» ОКУУ КИТЕПТЕРИНДЕ АЙТМАТОВ ТААНУУГА БАЙЛАНЫШКАН КӨНҮГҮҮ ЖУМУШТАРЫНЫН ОКУУЧУЛАРДЫН ОКУУ ЖАНА ЖАЗУУ ИШМЕРДҮҮЛҮКТӨРҮН ӨНҮКТҮРҮҮГӨ ЫЛАЙЫК БЕРИЛИШ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

*Гапарова Ч.А.*

# ОСОБЕННОСТИ ИЗЛОЖЕНИЯ ПОЗНАВАТЕЛЬНЫХ УПРАЖНЕНИЙ, СВЯЗАННЫХ С ТЕКСТАМИ ОБ АЙТМАТОВЕ В УЧЕБНИКАХ НАЧАЛЬНОЙ ШКОЛЫ «КЫРГЫЗСКИЙ ЯЗЫК» В СООТВЕТСТВИИ С РАЗВИТИЕМ ЧТЕНИЯ И ПИСЬМА УЧАЩИХСЯ

*Ch. Gaparova*

# THE FEATURES OF PREZENTING COGNITIVE EXERCISES ON AITMATOV'S WORK TO DEVELOP PUPILS' READING AND WRITING SKILLS IN KYRGYZ LANGUAGE TEXTBOOKS AT PRIMARY SCHOOLS

*УДК: 373.3:801.8.*

*Бул макалада изилдөөнүн предмети катары башталгыч класстардын «Кыргыз тили» окуу китептериндеги Ч.Айтматов темасын окутууга байланыштуу көнүгүү жумуштары каралган. Башталгыч класстардын «Кыргыз тили» окуу китептеринде Айтматов темасындагы тексттерди өздөштүрүүгө байланыштуу көнүгүү жумуштарын белгилөө, алардын башталгыч класстардын окуучуларынын окуу жана жазуу ишмердүүлүктөрүн өнүктүрүүсүн аныктоо максатында изилдөө иши жүргүзүлгөн. Иликтөө ишинде талдоо жана салыштырма методдору колдонулган. Алардын негизинде башталгыч класстардын «Кыргыз тили» окуу китептериндеги Айтматов таанууга байланыштуу окуу жана жазуу ишмердүүлүгүн жүргүзүүчү тексттер аныкталды. Алар окутуунун мазмуну белгиленди. Текст менен иштөөнүн этаптары жөнүндө сөз болуп, текстти окугандан кийинки жана башталгыч класстардын окуучуларынын жазуу ишмердигин өнүктүрүүчү Айтматов таанууга байланышкан көнүгүү жумуштары такталды. Алынган жыйынтыктар окуу жана жазуу кеп ишмердүүлүктөрүн өнүктүрүүгө байланыштуу көнүгүүлөрдүн түрлөрүнөн эмнелерге көңүл бурулбай калгандыгын мугалим билип, чыгармачылык менен ал кемчиликтердин үстүнөн иштөөсүнө жана болочок китеп түзүүчүлөр үчүн методикалык жардам болот.*

***Негизги сөздөр:*** *башталгыч класс, кеп ишмердүүлүгү, окуу, жазуу, көнүгүү жумуштары, текст, иш-аракет, коммуникативдик мамиле.*

*В данной статье как предмет исследования рассмотрены тренировочные упражнения, связанные с темой Ч. Айтматова в учебниках по кыргызскому языку в начальных классах. Проведены исследовательские работы с целью обозначения тренировочных работ, связанных с усвоением текстов темы Ч. Айтматова в учебниках по кыргызскому языку в начальных классах, определения их совершенствования учебной и письменной деятельности учащихся начальных классов. В исследовательской работе применены метод анализа и сравнительный метод. На их основе определены тексты,связанные с проведением учебной и письменной деятельности учащихся начальных классов по айтматоведению в учебниках кыргызского языка начальных классов. Обозначено содержание их обучения. Идет речь об этапах работы с текстом, уточнены тренировочные упражнения по послетекстовой работе и совершенствованию письменной речи учащихся, связанные с айтматоведением. Полученные результаты помогут учителю узнать о том, каким видам упражнений по развитию учебной и письменной деятельности не было обращено достаточного внимания, и как творчески работать над устранением этих недостатков, став тем самым методическим руководством для будущих создателей книг.*

***Ключевые слова:*** *начальный класс, устная деятельность, чтение, письмо, упражнения, текст, действие, коммуникативное общение.*

*In this work, as a subject of research, training exercises related to the topic of Ch. Aitmatov in textbooks on the Kyrgyz language in primary grades are considered. Research work was carried out to designate training works related to the assimilation of the texts of the topic of Chaitmatov in textbooks on the Kyrgyz language in primary grades, defining their improvement in the educational and writing activities of primary school students. The research work uses the method of analysis and the comparative method. On their basis, texts were identified related to the conduct of educational and writing activities of primary school students in aitmatology in the textbooks of the Kyrgyz langu age for primary grades. The content of their training is indicated. We are talking about the stages of working with the text, the training exercises for post-text work and the improvement of the written speech of students related to the study of aitematics have been clarified. The results obtained will help the teacher learn about what types of exercises for the development of educational and writing activities have not received sufficient attention, and how to creatively work on eliminating these shortcomings, thereby becoming a methodological guide for future book creators.*

***Key words:*** *initial class, oral activity,reading, letter, exercises, text, action, communicative communication.*

Башталгыч класстарда айрыкча окуу техникасына көбүрөөк көңүл бурулат. Анткени алар шар окууга көнүгүп, «окуй алуу компетенттүүлүгүнө» [3, 7] ээ болушу керек. Бирок башталгыч класстардын окуучусу окуу техникасы менен гана чектелбейт. Алар окуган текстинин мазмунун түшүнүп, кайра айта алууга, андагы идеяны билүүгө жана тарбиялык маанисин түшүнүүгө да жетишишет. Ал үчүн окууга кандай тексттер «Кыргыз тили» китебине сунушталышы керек?

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



деген жүйөлүү суроо туулат. Кыргыз тили окуучуларга теориялык тилдик билим жана алардын коммуникативдик кызматын үйрөтүүнү максат-милдет кылгандыктан, Чыңгыз Айтматов темасындагы тексттерди окуу китебине окуу кеп ишмердүүлүгү катары ийгиликтүү окутууда төмөнкүдөй шарттардын аткарылышы талап кылынат:

- Окуучуларда окуу техникасынын калыптангандыгы;
- Грамматикалык темаларга тексттин ылайыктуулугу;
- Окуучуга тааныш же болбосо ал жөнүндө маалыматы бар тексттерди киргизүү;
- Күтүлүүчү натыйжага байланышы бар тексттердин колдонулушу.

2-класстын «Кыргыз тили» китебинде Чыңгыз Айтматов темасына байланыштуу төмөнкү тексттер боюнча окуу ишмердүүлүгү жүргүзүлөт:

Орхан Ынанды «Улуу жазуучунун өрнөгү», Ч.Айтматов «Алгачкы эмгек акым», Ч.Айтматов «Ушул жер силерге Мекен болот». Ал эми 3-класстын «Кыргыз тили» окуу китебинде «Аяз атадан кат», «Бөжөңдөгөн бөжөгүм» жана «Ысык-Көл» деген тексттердин негизинде окуу ишмердүүлүктөрү боюнча көнүгүүлөрдү аткарышат.

Окутуунун жаңы технологияларына ылайык учурда коммуникативдик мамиледе текст менен иштөөнүн төмөнкүдөй ыкмалары сунушталып жүрөт:

- **Окууга чейинки иш-аракет.**
- **Окуу учурундагы иш-аракет.**
- **Окуудан кийинки иш-аракет.**

Текст боюнча аңгемелешүү жана тилдик тапшырмалар текстке негизделип жүргүзүлөт.

Аталган иш-аракетке берилген көрсөтмөнүн баары тең өтө маанилүү. Алардын баары текстти түшүнүүгө, окуучулардын ой жүгүртүүсүн бүткөн мааниге жеткирүүгө кызмат кылат.

Текстти окууга чейин мугалим тексттин аталышы боюнча суроолорду берсе болот. Алсак: *эмне үчүн текст... деп аталат. Текстте эмне жөнүндө сөз болушу мүмкүн?* ж.б.у.с.

Текстти окуу учурунда мугалим окутуунун жаңы технологияларын пайдаланса да болот. Алсак, *тыным менен окуу* технологиясын пайдалануу текстти түшүнүп окууга жана окуучулардын кызыгуусун жаратууга, аларды активдештирүүгө жардам берет. Ал үчүн мугалим ар бир бөлүмдү окугандан кийин: «Эми андан ары кандай окуя болот деп ойлойсуңар?» - деген суроолор менен бир аз аңгеме кеп куруп токтотуусу керек. Бул суроо окуучулардын божомол жаратуусуна жана кийинки бөлүмдү ынтызарлык менен окуусуна таасир этет.

Текстти окугандан кийин текстти өздөштүрүүгө жана тилдик материалдарды үйрөнүүгө багытталган көнүгүү-тапшырмалар аткарылат. Биз төмөндө кыргыз тили сабагында Чыңгыз Айтматов темасына байланыштуу текстти окугандан кийин текстти өздөштүрүүгө, Айтматовду таанууга байланыштуу жүргүзүлүүчү көнүгүү жумуштарын талдоого алабыз. Алардын берилишин төмөнкүдөй түрлөргө бөлүп карайбыз.

- **Чыңгыз Айтматов темасындагы тексттерди окуучулардын өздөштүргөндүгүн текшерүү максатында** 3-класстын «Кыргыз тили» окуу китебинде төмөнкүдөй суроо-тапшырмалар берилген:

3-класстын «Кыргыз тили» окуу китебинде: *1-көнүгүү. Тексттин мазмуну боюнча бири-бириңерге суроолорду берип, жооп алгыла* [2, 57-б.].

*1-көнүгүү. Тексттеги окуяны, каармандары, окуя болгон жерди жана мезгилди айтып бергиле.* [2, 47-б.].

- **Окуганын жалпы талкуулоо менен автордун позициясынын негизинде окуучунун интерпретациясын дал келтирүү (маанисин түшүндүрүү). Анын негизги маанисин, идеясын аныктоо жана чечмелөө.**


Мындай багыттагы тапшырмаларды 2-класстардын «Чыңгыз Айтматов» темасындагы тексттерден байкай алган жокпуз. Ал эми 3-класстын «Кыргыз тили» китебинде төмөнкүдөй көнүгүү берилген:

*1-көнүгүү.Суроолорго жооп бергиле.*

- *Кат менен белекти Аяз ата бергенби?*
- *Атасы эмне үчүн ушундай иш кылды деп ойлойсуңар?* [2, 55-б.].

Жогорудагы суроолордун экинчиси чыгарманын негизги маанисин, идеясын түшүнүүгө жетелеген суроо болуп саналат.

- **Жазуучу менен таанышуу. Башкача айтканда, жазуучунун инсандык өзгөчөлүгү жөнүндө аңгемелешүү** 2-класстын окуу китебинде төмөнкүчө берилген:



DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



3-класстын «Кыргыз тили» окуу китебинде:

**1-көнүгүү.** *Суроолорго жооп бергиле.*

- *Ч.Айтматовдун балалык кези тууралуу дагы кандай окуяларды билесиңер?*
- *Ч.Айтматов дүйнөгө атагы чыккан жазуучу болууга кантип жетишти деп ойлойсуңар?* [2, 64-б.].

*Келгиле, сүйлөшөлү:*

*1. Бала кезинде Чыңгыз Айтматов деле силер сыяктуу жөнөкөй бала болгон. Анда «Жерде жаткан жумуртка асманда учкан куш болот» деген макалдын маанисин түшүндүңөрбү?* [2, 45-б.].

Жазуучунун инсандык өзгөчөлүгүн билүү үчүн башка булактардан пайдалануу боюнча да тиешелүү көнүгүүнүн үлгүсү берилген. Алсак, 2-класстын окуу китебинен:

*3. Төмөнкү суроолорду чоңдорго берип, интервью алгыла.*

*1) Чыңгыз Айтматов ким болгон?*

*2)Апасы, атасы кимдер эле?*

*3) Кыргыз эли аны менен эмне үчүн сыймыктанат?* [1, 52-б.].

**Текст боюнча концептуалдык аңгемелешүү жүргүзүү** багытында төмөнкүдөй көнүгүү берилген. 2-класстын окуучуларына «Алгачкы эмгек акым» деген текстти өткөндө, текст боюнча төмөнкүдөй концептуалдык суроо берилген: *– Эмне үчүн Дон айгыры өлүп, башка айгырлар өлгөн жок?* [1, 55-б.].

Ал эми 3-класстын «Кыргыз тили» китебинде «Бөжөңдөгөн бөжөгүм» текстине байланыштуу төмөнкүдөй суроо-тапшырма берилген:

**3-көнүгүү.** *Эгер силер бала Чыңгыз сыяктуу ушундай окуяга кабылсаңар эмне кылат элеңер?* [2,64].

**Текстти турмуштук окуялар менен байланыштыруу** багытында төмөнкүдөй көнүгүү жумуштары сунушталган. 2-класста «Алгачкы эмгек акым» деген текстти өткөндөн кийин төмөнкүдөй суроолор берилет:

- *Сен да чоң кишилерге жардам берген учурларыңдан айтып берчи.*

3-класстын «Кыргыз тили» окуу китебинде төмөнкүдөй суроо берилген:

*- Силер да табиятта болгон нерселерге сезимтал мамиле жасайсыңарбы? Жообуңарды мисалдар менен далилдегиле* [2, 61-б.].

Жазуу – ойду жазуу жүзүндө баяндап берүү. Башталгыч класстарын жазууга үйрөтүүдө төмөнкүдөй этаптары сунуш кылынат:

**Биринчи этап:** үлгүлөрдү тууроо менен алардын жазылуу моделин өздөштүрүү;

**Экинчи этап:** мугалим сунуш кылган таянычтар менен жазма иштерин жазуу;

**Үчүнчү этап:** мугалим сунуш кылган кырдаалга ылайык өз алдынча текст жазуу.

Чыңгыз Айтматов темасындагы тексттер менен иштөөгө байланыштуу 2-класстын «Кыргыз тили» окуу китебинде жазуу ишмердүүлүгүн өстүрүүчү төмөнкүдөй көнүгүүлөр берилген:

Ч. Айтматов темасына байланыштуу үлгүлөрдү тууроо менен алардын жазылуу моделин өздөштүрүү багытындагы көнүгүүлөр:

**2-көнүгүү.** *Сүйлөмдөрдү түзгүлө. Сөздөрдүн уңгуларын белгилегиле.*

| Сөз | Сүйлөм |
|---|---|
| Боз үй<br>Жылкычылар<br>Улуу чөп<br>Мал доктур<br>Орусча | Жайлоого боз үйлөр тигилди. |

(Аталган көнүгүү «Алгачкы эмгек акым» деген тексттин негизинде аткарылат).

*Тексттен таблицага туура келүүчү бештен сөз жазгыла.*

| Ачык муундуу сөз | Жабык муундуу сөз |
|---|---|
| ө-мүр,... | эл-дер,... |

3-класстын «Кыргыз тили» китебинде:

**2-көнүгүү.** *Тексттен суроо берип, илик жөндөмөсүндө турган сөздөрдү көчүрүп жазгыла. Алардан жаңы сүйлөмдөрдү түзгүлө.*

*Үлгү:*

*Кимдин? Борондунун. Борондунун балдары ойношту.*

*Эмненин?*

*Кимдердин?*

*Эмнелердин?* [2, 49-б.].

**Мугалим сунуш кылган Ч. Айтматов темасына байланыштуу таянычтар менен жазма иштерин жазуу:**

**3-көнүгүү.** *Чыңгыз Айтматовдун биринчи эмгек акысы эмне болгон? Ата-энеңер эмгек акысына эмне алышат? Сүрөттөгү сөздөргө мүчөлөрдү улап, сүйлөмдөрдү түзгүлө* [2, 57-б.].

(китепте 100 сомдун, койдун, тооктун этинин, доллардын сүрөтү тартылган)

**3-көнүгүү.** *Таяныч сөздөрдү колдонуп, жомок түзгүлө.*

*Илгери-илгери, нечен күн, нечен түн, ары карап күлүп, бери карап ыйлап, ай десе аркы жок, күн десе көркү жок, көз ачып жумганча* [2, 63-б.].

3-класстын окуу китебинде төмөнкүдөй көнүгүүлөр берилген:

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



**5-көнүгүү.** *Синквейн түзгүлө.*

*1. Аяз ата* *1. Белек* [2, 49-б.].

**3-көнүгүү.** *Коен менен бөжөктү сүрөттөп, кластер түзгүлө* [2, 58-б.].

*коен* *бөжөк*

- **Мугалим сунуш кылган кырдаалга ылайык Ч.Айтматов темасына байланыштуу өз алдынча текст жазуу.**

*Тексттин мазмуну боюнча сүрөт тарткыла. Тарткан сүрөтүңөр боюнча аңгеме жазгыла.*

Мындай тапшырмалар 2-3-класстардын «Кыргыз тили» окуу китептеринде тең берилген.

3-класстын «Кыргыз тили» китебинде төмөнкүдөй суроо-тапшырмалары камтылган:

**2-көнүгүү.** *Силер Аяз атадан кандай кат келсе деп ойлойсуңар? Чыгыш жөндөмөсүндөгү сөздөрдү катыштырып жазгыла.*

**5-көнүгүү.** *Эми силер Аяз атага кат жазгыла. Анда бардык жөндөмөдө турган сөздөр катышсын. Суроосун жазып, астын сызгыла* [2, 55-б.].

Жыйынтыктап айтканда, башталгыч класстардын «Кыргыз тили» окуу китептеринде Айтматов таануу маселесине байланышкан көнүгүү жумуштарын аткарууда окуучулардын окуу жана жазуу ишмердүүлүктөрүн өнүктүрүү багытындагы көнүгүү тапшырмалары берилген. Көркөм адабият адамды руханий байлыктар менен азыктандырат. Андыктан адабий чыгармадагы берилген окуя, образдар аркылуу бала турмушка даярданат [8, 31-б.]. Андыктан берилген көнүгүүлөр, тапшырмалар аркылуу биз окуучуларды кеп ишмердүүлүгүнө үйрөтүү менен жашоого, инсан болуп калыптанышына багыт беребиз. Кеп ишмердүүлүгүнө үйрөтүүнүн айрым этаптарын мугалим өз чыгармачылыгына ылайык сунуш кылса болорун баса белгилегибиз келет.

**Адабияттар:**


1. Акунова А.Р., Чокошева Б.С. Кыргыз тили. – 2-класс. Кыргыз тилинде окуган мектептер үчүн. - Б., 2013. – 124 б.
2. Акунова А.Р., Чокошева Б.С. Кыргыз тили. - 3-класс. Кыргыз тилинде окуган мектептер үчүн. - Б., 2013. - 136 б.
3. Токтомаметов А.Д., Абдухамидова Б.А., Баимбетова Н.К. Башталгыч класстардагы кыргыз тил жана окуу боюнча предметтик стандарт. - Б., 2015.
4. Чокошева Б.С., Акунова А.Р. Кыргыз тили. - 4-класс. Кыргыз тилинде окуган мектептер үчүн. - Б., 2015. - 144 б.
5. Чокошева Б.С. Башталгыч класстарда жазуу иштерин интерактивдүү ыкмаларды пайдалануу менен жүргүзүү [Текст] / Б.С.Чокошева. – М., 2016. - №8 (53). - 108-113-б.
6. Чокошева Б.С. Роль изложения в обогащении речи учащихся начальных классов» [Текст]/ Б.С.Чокошева // Проблемы современной наукис и образования. – М.: Академия Естествознания, 2016. -№23(65). - 44-77-б.
7. Чекуева Б.С. Применение совместных учебных методов, пристального чтения и понимания при обучении кыргызскому языку в начальных классах [Текст] / Б.С. Чокошева // Проблемы современной науки и образования. - М.: Академия Естествознания, 2016. - №23 (65). -77-80-б.
8. Мадумарова М.К.Амалканова Б. Мектептерде Ч.Айтматовдун чыгармаларын интеграциялап окутуунун жолдору [Текст] / М.К. Мадумарова // Ж.Баласагына атындагы Кыргыз улуттук университетинин Жарчысы.-Б.: 2020. Атайын чыгарылыш (S). - 31-б.
9. Мусаева А.С. Мифы и легенды в произведениях Чынгыз Айтматова. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2020. №. 1. С. 203-205.
10. Джумаева Ж.Т. О мастерстве работы с речью в художественном творчестве (на основе отзывов писателя Түгөлбая Сыдыкбекова). Известия ВУЗов Кыргызстана. 2014. №. 11. С. 228-230.